УДК 373
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.04**

*Алиева Бусалийма Манаповна,*
*ОшМУ, доцент busalima-alieva@mail.ru*
*Анарбаева Айгерим Адылбековна,*
*ОшМУ, магистрант*
*Атабаева Гулмира,*
*ОшМУ, магистрант*

## ТАРБИЯЛАНУУЧУЛАРГА МАМИЛЕ ЖАСОО КОМПЕТЕНТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖОЛДОРУ

***Аннотация.*** *Мектепке чейинки курак – адамдын андан аркы өсүүсү үчүн анын турмушундагы эң маанилүү мезгилдерди билдирет. Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикалык кызматкеринин кесиптик компетенциялары, бала менен чоң адамдардын ортосунда өз ара мамиле принциптери: баланын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн таануу, урматтоо, баланын индивидуалдык өз алдынчалыгын калыптандыруу, бала менен чоң адамдардын ортосунда оз ара мамиле принциптери, балдардын педагогдор менен болгон мамилеси алардын инсан болуп калыптандыруудагы ролу жана педагогдун кебинен, ал жүрүм-туруму аркылуу көрсөткөн мисалдардан бала адамдардын ортосундагы өз ара мамиле, адамдардын баарлашуусунун ченемдери жана эрежелери тууралуу баяндалган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Педагог, бала, инсан (личность), мамиле, компетенция, баарлашуу, оз ара мамиле, баланы таануу, оозеки сүйлөо, индивидуалдуулук, коммуникация, педагогикалык баарлашууда, тарбиячыга ишеним, калыптандыруу, жүрүм-туруму.*

## ПУТИ ФОРМИРОВАНИЯ КОМПЕТЕНТНОСТНОГО ОТНОШЕНИЯ К ВОСПИТАННИКАМ

***Аннотация.*** *Дошкольный возраст представляет собой наиболее важные периоды в жизни человека для дальнейшего роста. Профессиональные компетенции педагогического работника дошкольного образования, принципы взаимодействия детей и взрослых: признание и уважение индивидуальных особенностей ребенка, формирование индивидуальной самостоятельности ребенка, принципы взаимодействия детей и взрослых, взаимоотношения детей с учителя как роль их личности в формировании и со слов учителя, из примеров, показанных его поведением, ребенку рассказывалось о взаимодействии между людьми, нормах и правилах человеческого общения.*

***Ключевые слова:*** *Учитель, ребенок, личность (личность), взаимоотношения, компетентность, общение, взаимоотношения, узнавание ребенка, устная речь, индивидуальность, общение, педагогическое общение, доверие к воспитателю, формирование, поведение.*

## WAYS OF FORMING A COMPETENT ATTITUDE TOWARDS PUPILS

***Annotation.*** *Preschool age means the most important periods in a person's life for further growth. Professional competences of a pedagogical worker of preschool education, principles of interaction between children and adults: recognition and respect of the individual characteristics of the child, formation of individual independence of the child, principles of interaction between children and adults, the relationship of children with teachers as their personalities role in formation and from the words of the teacher, from the examples shown by his behavior, the child was told about the interaction between people, norms and rules of human communication.*

***Key words:*** *Teacher, child, person (personality), relationship, competence, communication, mutual relationship, recognition of the child, oral speech, individuality, communication, pedagogical communication, trust in the educator, formation, behavior.*

**Киришүү**

Кыргыз Республикасынын эгемендүү мамлекет катары өнүгүүсү дүйнө коомчулугундагы билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясы жана мамлекеттердин үзгүлтүксүз билим берүү тутумуна өтүү тенденциясы менен байланыштуу. Бириккен Улуттар Уюму «Балдар укуктары жөнүндө Конвенцияны» (1989-ж) кабыл алгандан баштап, балалыкты коомдун социомаданий баалуулугу катары кайрадан карап чыгууга багытталган бир катар документтерди кабыл алган.

Коом бүгүн инсандын жаңы тибин талап кылып жаткандыгы шексиз.

Мектепке чейинки курак – баланын жашоосундагы маанилүү мезгил, ал өзүнүн жеке мүмкүнчүлүктөрүн сезе баштайт, өз алдынчалуулукка болгон муктаждыктары калыптанып, аны курчап турган чөйрөнү аңдоонун, элестетүүнүн негизги элементтери пайда болуп, андагы жакшылык менен жамандыктын ажырымы байкалып бараткан учур, үй-бүлөлүк түзүлүштүн, андагы карым-катнаштын сырларын, туулуп-өскөн жер тууралуу алгачкы түшүнүктөрү калыптана баштаган мезгил.

Билим берүү жана тарбия системасындагы баштапкы жана негизги этап болуп мектепке чейинки билим жана тарбия берүү процесси. Бул Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамында да чоң маани берилип көрсөтүлгөн. Мектепке чейинки билим берүү системасындагы окутуп-тарбиялоонун теориясы менен практикасы – бул мектепке чейинки баланы ар тараптан өстүрүүнү камсыз кыла турган теория менен практика. Мектеп жашына чейинки курактагы балада түрдүү базалык сапаттар калыптандырылат. Анын өнүгүшү келечекте канчалык ийгиликтүү болушу мектепке чейинки куракта алган билимине, билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө түздөн-түз байланыштуу.

Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикалык кызматкери төмөнкү кесиптик компетенцияларга ээ болуусу керек [5]:

1) интеллектуалдык-педагогикалык - алган билимин, тажрыйбасын натыйжалуу окутуу жана тарбиялоо үчүн кесиптик ишинде колдоно билүү, педагогдун инновациялык ишке жөндөмдүүлүгү;

2) маалыматтык - педагогдун өзү, тарбиялануучулар, ата-энелер жана кесиптештери жөнүндө маалыматтарынын көлөмү;

3) жөнгө салуучу - педагогдун өз жүрүм-турумун башкара, сезимдерин контролдой билүүсү, рефлекске жөндөмдүүлүгү, стресске туруктуулугу;

4) коммуникативдик - маанилүү кесиптик сапат, ал сүйлөө көндүмдөрүн, уга билүүнү, кайгысын тең бөлүшүүнү, бирөөнү түшүнүүнү, өтүнүчтөргө жооп берүүнү, иш-аракеттеринин алдыңкы түрүн - оюнду уюштуруу, ата-энелер/мыйзамдуу өкүлдөр жана жамаат менен конструктивдүү мамилелерди түзө билүү.

«Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга кам көрүү» Мамлекеттик стандартына ылайык мектепке чейинки билим берүү программалары балдарды өнүктүрүүдө [4]:

1) дене бой жактан өнүктүрүү;

2) когнитивдик өнүктүрүү;

3) сабаттуулук жана коммуникациялык өнүктүрүү;

4) социалдык жана эмоционалдык өнүктүрүү;

5) чыгармачылык жана эстетикалык өнүктүрүү багыттарын интеграциялоо каралган.

Мектепке чейинки куракта балдарды тарбиялоодо эне тили сабагынын ролу өтө чоң: кеп аркылуу бала жүрүм-турумдун, мамиле түзүүнүн, өз ара мамиле боюнча адамдардын ортосундагы келишимдин эрежесин өздөштүрөт, курчап турган дүйнөнүн сулуулугун кабыл алат жана көргөнүн айта алат, сезгенин жана байкаганын бере алат. Балада кенже мектепке чейинки курактан баштап эле тилге кызыгуусу пайда болуп, сөздөргө «эксперимент» жасай баштайт. Тилдин грамматикалык жагына, маанилик жагына басым жасап, жаңы сөздөрдү түзөт. Мындай өнүгүү эне тилдин бардык байлыгын чындап билүүсүнө алып келет.

**Изилдөө методдору:**

Балдарды өстүрүүнүн маанилүү аспектиси бул – баарлашуу. Балдар менен натыйжалуу баарлашуу аларга бактылуу жана жоопкерчиликтүү адам болуп өсүүсүнө жардам берет.

Балдар менен кантип жана качан сүйлөшүү керектигин, эң негизгиси, аларды чыдамдуулук жана түшүнүү менен кантип угуу керектигин билүү – өтө маанилүү. Ата-энелер, албетте, балдарын жакшы көрүшөт, бирок, ошону менен бирге, алар менен сүйлөшүп жана аларды уга билиши да керек. Байланыш эки тараптуу аракеттен көз каранды жана аны токтотууга болбойт [3].

Бала менен чоң адамдардын ортосунда өз ара мамиле бир катар принциптер менен жөнгө салынат: *баланын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн таануу, урматтоо, баланын индивидуалдык өз алдынчалыгын калыптандыруу.*

*Баланы таануу* – бул баланын индивидуалдуу болуу укугу, башкалар, ата-энеси менен салыштырганда дагы өзгөчө экендигин кабыл алуу.

*Баланы таануу* – демек, баланын тышкы кебетеси, жүрүм-туруму кандай болсо, ошондой таануу, анын кандай үй бүлөдөн чыккандыгына, кандай таланты бар экендигине карабастан кабыл алууну билдирет.

*Баланын жеке "менин" урматтап сыйлоо* – бул баланын өз алдынча өнүгүүсүн таанууну билдирет.

Бул жагдай диалог менен баарлашуу аркылуу, түзүлгөн жагдайды бала менен бирдей түшүнүү аркылуу, түзүлгөн конфликтүү кырдаалды чогуу чечкенге аракеттенгенде ишке ашырылат, демек, баланын статусун тез өзгөрүүсүнө жардам берет [2].

Урматтоону калыптандыруу деген бала жеке тажрыйбасына ылайык өзүнүн каалоосун ишке ашыра алуусун жана аны аткара алуусун билдирет, анда жүрүм-турумдун социалдык ченемдери болот.

Өз алдынчалуулугун көрсөтүү менен, бала кежирленип гана жаткан жери жок, ал өзүнүкү туура экенине ынангандыктан, өзүнүкүн талашат. Бул өз тажрыйбасына салыштырып, андан ата-энесинин жана курдаштарынын жүрүм-турумундагы айрыманы көргөн оор карама-каршылыктуу кырдаалда негизинен байкалат.

Балдар менен мамиле кылууда аларга окуучунун ролун берип, аны дайым зекип, катаал мамиле кылбастан, тескерисинче, ал мында чоң адамдын досу катары сезиши керек. Мындай мамиле балада өз күчүнө жана билимине ишенүүнү жаратат, ошондой эле жүрүм-турумдун социалдык үлгүсүн өздөштүрүүгө жана адекваттуу баалоого түртөт.


*Сабаттуулук жана коммуникация:*

- оозеки сүйлөө речин жетиштүү деңгээлде жакшы сүйлөйт, бардык тыбыштарды айтат.
- сөздөрдөгү тыбыштарды бөлө алат.
- өзүнүн оюн жана каалоолорун билдире, баарлашуу учурунда сүйлөө речин түзө алат.
- укканды, муун менен окуганды, символдор менен жазганды, талкуу жүргүзгөндү, суроолорду бергенди билет.
- балдар адабияттарындагы чыгармалар менен тааныш.
- сабаттуулук өбөлгөлөрү түзүлүүдө.

Баланын инсандык сапатын тарбиялоо үчүн мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде педагогикалык процессти өзгөчө уюштуруу зарыл – бул биринчи кезекте, баланын инсанына психологиялык жактан этият мамиле, андагы жеке турмушка укугу бар адамды урматоо экендигин эсибизден чыгарбообуз зарыл.

Өнүгүүнүн ар кандай багыттарын өзүнчө тандап алуунун ордуна, аларды бири-бири менен өз ара айкалыштыруу мектепке чейинки жаштагы балдардын өнүгүүсүндө жакшы натыйжаларды берет.

Мектепке чейинки билим берүүдө бала үчүн бакчага чейинки эң жакын, кымбат адамы анын жакындары болуп саналарын педагог эстен чыгарбоосу керек. Ал эми бала бакчада бала башка талаптарга, милдеттерге кез келет, башка жагдайга туш болот. Тарбиячы бакчада бала үчүн негизги фигура болуп калат, педагогикалык баарлашууда педагогдун аны менен кандай мамиле түзө алуусунан баланын тарбиячыга ишеним артышынан көз каранды. Тарбиячынын бала менен сүйлөшүү жолдору 1-сүрөттө берилген.




*1-сүр. Бала менен кантип сүйлөшүү жолдору*

Тарбиячы ак көңүл, чыдамкай, боорукер, жардамын аябаган адам болсо, бала үчүн жакын адам болуп калат. Ал өз жакындарына койгон талапты тарбиячыга да коёт. Бул мезгилде бала үчүн тарбиячы ал көргүсү келген, ал үчүн жакшы адам болушу маанилүү.

**Корутунду**

Бала-инсан катары өзүн курчап турган адамдардын коомуна жасаган өзүнүн мамилесин сезимдүү түрдө жөнгө салып турат. Убакыт өткөн сайын бала ишмердүүлүктүн ар түрлүү формадагы тажрыйбасына ээ болот, анын айлана чөйрөгө, дүйнөгө жасаган мамилеси терендейт жана кенейет, ошону менен бирге анын личносту да калыптанат жана өркүндөйт. Биздин мамиле – дарылоого эмес, көйгөйдүн алдын алууга көңүл буруп, жолдомо берүү болуп саналат. Балдардын педагогдор менен болгон мамилеси алардын инсанын калыптандырууда зор роль ойнойт. Педагогдун кебинен, ал жүрүм-турумy аркылуу көрсөткөн мисалдардан бала адамдардын ортосундагы өз ара мамиле, адамдардын баарлашуусунун ченемдери жана эрежелери тууралуу түшүнүк алат.

Баланы бактылуу, акыл-эстүү жана ден-соолугун чың кылып чоңойтуп, жакшы инсан кылып тарбиялап өстүрүү – коомдун талабы.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. И.Б.Бекбоев Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.-Бишкек.2015. 3-басылышы.
2. Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары жана педагогдору үчүн усулдук колдонмо. –Бишкек. 2015.
3. Хишам аль-Талиб Абдулхамид Абу Сулайман Омар аль-Талиб. Ата-эне менен баланын мамилеси. (Балдарды тарбиялоо боюнча сабактар).-Бишкек. 2021.
4. КРнын "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу". Мамлекеттик билимүү стандарты.- Бишкек, 2020.
5. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү “Балалык” программасы. –Бишкек,2017.